# К. Ибраималиев атындагы Күрпүлдөк жалпы билим берүү орто мектебинин социалдык педогогдун 2020-2021- окуу жылынындагы аткарган иштеринин

# АНАЛИЗИ

2020-2021- окуу жылында мектептеги жалпы социалдык абал жөнүндө төмөнкүдөй маалымат берилди. Окуу жылдын башында ар бир класс жетекчи менен бирдикте окуучулардын абалы иликтенип, тактальп жарым-жетим, толук эмес үй-бүлөөдөгү, авганецтин үй-бүлөөсүндөгү, аз камсыз үй-бүлөөдөгү, бала кезден майыптар, эмгек мигранттары жана алардын балдары тактальп районго берилди. Анын жыйынтыгы боюнча жетим балдар катталган жок.

2020-2021- окуу жылы үчүн кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча ЖЖЭ инспектору, милициянын лейтенанты Мырзалиев Азиз менен биргеликте иш план түзүлүп, атайын Панфилов райондук ИИБ тарабынан түзүлгөн иш график менен тартип бузуулардын алдын алуу боюнча профилактикалык иштер жүргүзүлүп келет. Ошондой эле Мырзалиев менен бирдикте кыздар арасында "Эрте никеге туруу" боюнча жыйналыш өткөрүлдү. Ошондой эле 5-класстын окуучуларынын ортонку звеного которулуп, ар бир предметтик мугалимдерге көнүүсү, окууларына жетишүүсү каралды. Окуучулар мүмкүн болгон окуу китептери менен камсыз болду.

Октябрь айында 8-11- класстын окуучуларына ИДН кызматкери Мырзалиевдин жана соц. педагог, тарбия завучтун катышуусунда "Биз зордук-зомбулукка каршыбыз" деген темада ангемелешүү өткөрүлдү, 5-8- класстарда ушул темада сурот конкурсу өттү. Мындан тышкары "Баардыгыбыз коррупцияга каршыбыз" аттуу темадагы дубал гезиттеринин конкурсуна баардык мектептеги окуучулар активдүү катышышты.

Суидцид боюнча анкета жүргүзүү, суидцидке шектүүнү аныктоо жана аны менен иштөөнү күчөтүү иш чаралары өткөрүлдү. Окуучулар арасында анкетанын өткөрүлүшүнүн жыйынтыгынан суидцидке шектүүлөр болгон жок. Суидциддин алдын алуу жана болтурбоо максатында окуучулар менен ангемелешүү жүргүзүлдү.

Сабакты көп калтырган окуучуларга класс жетекчилер менен чогуу түшүндүрмө иштери жүргүзүлдү.

"Тартип, тарбия ийгиликке жеткирет" деген темада 5-8-класстар арасында ангемелешүү жүргүзүлдү. Коомдук жайда, мектепте, үйдө окуучу өзүн кандай алып жүрүүсү тууралуу ангемелешүү жүргүзүлдү.

Октябрь айында жарым жетимдер тобундагы Нарынбековтордун үй-бүлөөсүнө Кувейттик демөөрчүлөр тарабынан бир саан үй сатылып берилди.

Декабрь айында "Красивые шаги" дүкөнүнүн демөөрчүлөрүнүн жардамы менен жетим, жарым жетим бала кезден майып жана өтө муктаж болгон окуучуларга кышкы бут кийим таратылып берилди.

COVID -19 жугуштуу оорулардын алдын алуу боюнча медайым, класс жетекчилер менен биргеликте иш алып барылды. Класстык сааттар өтүлдү. Мектепте ички

тартипти бузган окуучулар менен ЖЖОИ менен бирдикте түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

Жаны жылдык елкада окуучулардын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча жаны жылдык салюттарды колдонбоолору тууралуу түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

Окуучуларды адептүүлүккө тарбиялоо максатында класс жетекчилер тарбиялык сааттарды өтүштү. Кээ бир мугалимдер ТСО нун жардамы менен окуучуларга таасирдүү видео роликтерди даярдап көрсөтүштү.

Ата-энеси чет өлкөгө иштеп кеткен үй-бүлөөнүн балдары жана көзөмөл кылып алган тууугандары менен аңгелешүүлөр жүргүзүлдү.

Негизинен окуучулардын арасында одоно тартип бузуп, учетко алынган балдар болгон жок. Май айында Чүй облусунун ыйгарым укуктуу өкүлүнүн жеке демөөчүлүгү менен көп балалуу Үмөталиевтердин жана аз камсыз болгон Дөөлөтбековтордун үй-бүлөөсүнө тамак-аш азык түлүктөрүнөн жардам берилди.

**Социалдык абал боюнча салыштыруу:**

| Окуучулардын социалдык абалы | Окуучулардын саны | | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| | I жарым жылдык | II жарым жылдык | |
| Жарым жетим балдар | 13 | 13 | |
| Аз камсыз болгон үй-бүлөө | 4 | 4 | |
| Көп балалуу үй-бүлөө | 2 | 1 | Мектепте окуган баланын санына байланыштуу |
| Толук эмес үй-бүлөө | 26 | 27 | Башка мектептен келгенине байланыштуу |
| Туулгандыгы тууралуу күбөлүгү жок | 3 | 2 | Башка мектепке кетти |
| Эмгек мигранттарынын үй-бүлөөсү | 29 | 23 | Кээ бир үй-бүлөөлөрдүн келгендигине байланыштуу |
| Бала кезден майып | 1 | 1 | |
| Ооганчылардын үй-бүлөөсүнөн | 1 | 1 | |
| Хиджап кийген окуучу | 1 | 1 | |
| ИДН дин учетунда турган окуучу | - | - | |
| Тажик улутундагы окуучу | - | - | |
| Чернобыль окуясына катышкан үй-бүлөөнүн балдары | - | - | |
| Тобокел тобундагы окуучулар | - | - | |
| Үйдөн окуган окуучулар | - | - | |

Мектеп директору: Осмонкулова Б.А.